КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫНЫН 2018 - ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

КЫРГЫЗ ТЕЛЕВИДЕНИЕСИНЕ 60 ЖЫЛ

# МАЗМУНУ

1. ЖЕТЕКЧИЛИК ЖАНА КОРПОРАЦИЯНЫН КАРЖЫЛАНЫШЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР ......2

2. 2018-ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕГИ КОРПОРАЦИЯНЫН ИШМЕРДИГИН СҮРӨТТӨӨ.................................17

2.1 Телеберүү бөлүгүндө.........................................................................................................17

2.1.1. III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарын даярдоо жана өткөрүү.................................................................................................................20

2.1.2. Кыргыз телеберүүсүнө 60 жыл.......................................................................................22

2.2 Берүүлөр сеткасындагы жаңы телекөрсөтүү берүүлөрү……...............................................26

2.3 Д.Садырбаев ат. "Кыргызтелефильм" түзүмдүк түзүлүшүнүн иш алып баруусунун жыйынтыктары.........................32

КТРКнын интернет чөйрөсүнө катышуусу.............................................................................35

Радиоуктуруулар бөлүгүндө....................................................................................................41

3. АДМИНИСТРАТИВДИК ЖАНА ЧАРБАЧЫЛЫК ИШТЕР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ ........................44

3.1. Өндүрүш шарттарын түзүү. Өндүрүштүк имараттарды оңдоо..................................................44

4. КАДРЛАР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ ................................................................................48

4.1.Корпорациянын адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча ишмердиги жөнүндө маалымат............48

4.2.Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу. Окуу курстарын уюштуруу ........................51

5. КОРПОРАЦИЯНЫН КЫЗМАТТАШУУЛАРЫ..........................................................................55

5.1.Эл аралык кызматташууну кеңейтүү. Башка ЖМКлар менен кызматташуу................................55

5.2. Корпорациянын аудитория менен кайтарым байланышты жөнгө салуу боюнча иш алып баруусунун жыйынтыктары .........................................................................................................57

6. КОРПОРАЦИЯ ТАРАБЫНАН АЛЫНЫП БЕРИЛГЕН ПРОГРАММАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ................58

6.1. 2018-жыл ичиндеги көз карандысыз продакшн студиялардын программаларынын тизмеси...........................................................................................................................58

6.2. Чет элдик контентти тартуу менен лицензиялык макулдашуулар……........................................60

7. ФИНАНСЫЛЫК-ЧАРБАЧЫЛЫК ИШМЕРДИКТИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ..........................................61

8. КОРПОРАЦИЯГА ТОЛУГУ МЕНЕН ЖЕ ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ, ТИКЕ ТҮРДӨ ЖЕ КЫЙЫР ТҮРДӨ ТИЕШЕЛҮҮ БОЛГОН КОМПАНИЯЛАР ЖАНА ИШКАНАЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР.................71

9. 2018-ЖЫЛДАГЫ КОРПОРАЦИЯНЫН МАКСАТТАРЫ ..........................................................................74

10. 2019-ЖЫЛГА КАРАТА КОРПОРАЦИЯНЫН АЛДЫН АЛА ПЛАНДАРЫ ...........................................75

# 1. ЖЕТЕКЧИЛИК ЖАНА КОРПОРАЦИЯНЫН КАРЖЫЛАНЫШЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

### *Корпорацияны башкаруу формасы жөнүндө*

«Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» 2011-жылдын 18-ноябрында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Корпорациянын коомдук телерадиоберүү уюму катары юридикалык макамын, Корпорациянын максаттарын жана милдеттерин, анын укуктарын жана миддлеттенмелерин, ошондой эле башкаруу түзүмүн жана органдарын аныктайт.

Аракеттеги «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Мыйзамга жана «КТРКнын Уставына» ылайык Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын (мындан ары – КТРК) башкаруу органдарына төмөнкүлөр киришет:

- башкаруунун жогорку органы болуп саналган Байкоочу кеңеши;
- аткаруу органы болуп саналуучу Башкы директор.

Байкоочу кеңеш бүткүл коомдун кызыкчылыгын билдирет жана коомдук берүүлөрдүн прицниптерин сактоонун башкы гаранты болуп саналат. «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Мыйзамда Байкоочу кеңешти калыптандыруунун принциптери так жазылган:

Байкоочу кеңеш парламенттен, президенттен жана жарандык коомдон теңдеш сандарда сунушталышкан 15 адамдан турат. Ошондой болсо дагы, Байкоочу кеңештин бардык мүчөлөрү ким тарабынан сунушталгандыгынан көз карандысыз окуу жайларынан жана илимий мекемелерден, коомдук жана башка коммерциялык эмес уюмдардан гана сунушталган болууга тийиш.

### *Корпорациянын миссиясы, максаттары жана милдеттери*

КТРКнын миссиясы, ошондой эле максаттары жана милдеттери КТРКнын 2017-2019-жылдарга каралган өнүгүү стратегиясында баяндалышкан.

**Миссиясы**

КТРКнын миссиясы бүткүл коомго кызмат кылууда камтылган. КТРК ишенимдүү жана объективдүү маалыматты топтойт, каттайт жана таркатат, билим берүүчү, маданий жана көңүл ачуучу берүүлөрдү көрсөтөт, ошондой эле өздүк маалыматтык программаларды өндүрөт жана таркатат.

**Максаттары**

Жакынкы жылдар аралыгында коомдук телерадиоберүүлөрдүн талаптарына максималдуу жооп бере турган КТРКнын натыйжалуу ишмердигинин тутумун төмөнкүлөр аркылуу түзүү:

- КТРКнын ичинде сыяктуу эле, тышкары дагы коомчулуктун суроо-талаптарына толук кандуу жооп бере турган контентти калыптандыруу үчүн контентке баа берүүнүн натыйжалуу тутумун түзүү,

- КТРКнын маалыматтык кызматынын жана бардык бөлүмдөрүнүн коммуникативдик технологиялардын негизинде бирдиктүү маалыматтык ресурстагы жаңылыктарды даярдоосун модернизациялоо.

- өлкөнүн бюджетинен баскычтуу финансылык көз карандысыздыкка жетишүү (КТРКнын туруктуу кирешелүүлүгүн камсыздоо үчүн зарыл болуучу багыттарды өнүктүрүү),

- заманбап мультимедиа продуктту өндүрүү инфраструктурасын өнүктүрүү аркылуу интернет контентти сапаттуу жакшыртуу,

- ошондой эле материалдык-техникалык базаны андан ары өркүндөтүүнүн утурумдук милдеттерин чечүү.

**Милдети**

Корпорацияны өнүктүрүү жолдорун аныктоо жана уюмдун алдына коюлган максаттарды коомдук ТБлардын, радиостанциялардын жана медиа-холддингдердин ийгиликтүү сыяктуу эле, проблемалуу дагы иш тажрыйбасынан улам ишке ашыруу; утурумдук тажрыйбаны, милдеттердин актуалдуулугун, өлкөлүк программаларды, аудиториянын керектөөлөрүн жана рыноктун конъюнктурасын эске алуу.

## *Корпорациянын Байкоочу кеңешинин курамы*

### ЖЫПАР ЖЕКШЕЕВ

**Төрага**



Жыпар Жекшеев Чуйков атындагы көркөмдүк училищесин, Искусстволордун мамлекеттик институтун жана Кыргыз мамлекеттик университетин аяктаган. Ысык-Көл областынын көркөмдүк фондунун сүрөтчүсү, андан кийин директору, "Кыял" көркөмдүк кол өнөрчүлүк бирикмелеринин жана КР Маданият министрлигине караштуу курстардын окутууучусу болуп эмгектенген, «Кыргызстандын Демократиялык кыймылы» саясий партиясынын төрагасы, КР Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты, Адам укуктары жана мамкызматчылардын этикасы боюнча Комитеттин төрагасы, Бишкектеги жерлерди өз алдынча басып алуу кырдаалын турукташтыруу боюнча Мамлекеттик комисиянын төрагасыны орун басары болгон. 2009-жылы өлкө президенттигине талапкер болгон. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тараптан сунушталган.

### ЖЫЛДЫЗ БАКАШЕВА



Филология илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетин аяктаган, кийинчерээк иссертиясын жактап жана илимий даражасын ала алган. КНУда окутуучу, кафедра башчысы жана декан, Жогорку Кеңеште экперт, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясында проректор болуп эмгектенген. Азыркы мезгилде Улуттук китепкананын директору болуп эмгектенет. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен сунушталган.

### АНАШ КАДЫРОВА



Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, билими жогорку филологиялык. Жогорку категориядагы телеберүү жана радиоуктуруу боюнча диктор, КТРКнын башкы директорунун экс-орун басары. СССР Министрлер кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Телеберъэ жана радиоуктуруу боюнча мамлекеттик комитетинин Ардак грамоталары менен телеберүү жана радио тармагындагы сиңирген эмгектери жана активдүү публицистикалык ишмердиги үчүн сыйланган; Ч.Айтматов ат. маданияттын кызматкерлеринин Ассамблеясынын сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын Журналисттер Союзунун мүчөсү.

## ИГОРЬ ШЕСТАКОВ



Медиа-тренер, саясатчы. Россия Гуманитардык университетинин юридикалык факультетин аяктаган. Журналисттик ишмердигин «Вечерний Бишкек» газетасынан баштаган. «Время» программасынын өздүк корреспонденти, «Интерфакс» маалыматтык агенттигинин кыргызстан бюросунун шеф редактору, Борбордук Азия боюнча «Российская газета» басылма чыгарылышынын өкүлчүлүгүнүн директору, «КирТАГ» маалыматтык агенттигинин башкы редактору болуп эмгектенген. Азыркы мезгилде «region.kg» аналитикалык сайтынын башкы редактору. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тараптан сунушталган

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ



Азамат Болгонбаев “Оркестр жана хордогу дирижерлук” факультетин аяктаган, КР Эл артисти Замирбек Үсөнбаевдин окуучусу болуп саналат. «Айтыш» Коомдук фондунун мүчөсү, атактуу төкмөлөк, КР эл артисттери Ашыраалы Айталиев жана Тууганбай Абдиевдин окуучусу. Азамат Болгонбаев эл алдына алгачкы жолу 2001-жылы 17 жаш курагында чыккан. Республикалык жана эл аралык поэзиялык таймаштардын бир нече ирет жеңүүчүсү жана башкы байгесин утуп алуучусу. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коомчулук тараптан сунушталган.

## АЙБЕК КАРЫМОВ



1986-1987-жылы Таш-Көмүр шаарында Айбек Карымов №111 кесиптик-техникалык окуу жайын аяктаган, ал эми 1990-1993-жылдары Жалал-Абад областында айырмачылык менен Б.Алыкулов ат. маданият техникумун аяктайт. Андан кийин 2001-2006-жылдары И.Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинде искусство факультетинде билим алат. «Бейне-Групп» компаниясынын жана «Бейне-Өнөр» коомдук фондунун негиздөөчүсү. Маданияттын отличниги, бир нече ардак грамотасынын жана сыйлыктардын ээси. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коом тарабынан сунушталган.

**ЧОЛПОН ТУРДАЛИЕВА**



Чолпон Турдалиева тарых илимдеринин доктору илимий даражасына ээ жана Кыргызстандын жана Борбордук Азиянын тарыхы жана маданияты боюнча үч монографиянын жана 50дөн ашуун макалалардын автору. 2016-ж. Колумбия университетинде стажировкадан өткөн жана Фулбрайт программасы боюнча 2004-2005-жж. Вашингтон Университетинин чакырылган профессору болгон, ошондой эле көптөгөн эл аралык программалардын жана фонддордун грантеру болуп саналат. «Музей демилгелери борбору» БӨУнун директору болуп туруп, Чолпон Турдалиева улуттук эана эл аралык мадания долбоорлорду жетектейт. КР ПРезидентине караштуу Кыргызстандын тарыхын изилдөө боюнча комиссиянын мүчөсү жана КР ЖАК эксперттик кеңешинин мүчөсү болуп саналат. Азыркы мезгилде Борбордук Азиядагы Америка университетинин Антропология программасынын профессору болуп санала. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен сунушталган.

**НУРИЯ АЙДАБАСУНОВА**



Филолог. Мичурин Мамлекетик Педагогикалык институтунун орус филологиясы факультетин аяктаган. Кочкор районунун «Чолпон» ОМде мугалим, андан кийин 1977-1985-жж. НПУнун директорунун орун басары, адабият жана педагогика окутуучусу, КР сотторду тандоо боюнча Байкоочу кеңешинин мүчөсү болуп эмгектенет, 2010-ж. тартып азыркы мезгилге чейин «Мекен шейиттери» Коомдук бирикмесинин теңтөрагасы болуп эсептелет. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тараптан сунушталган.

**КУБАТ БОЛОТКАНОВ**



Жогорку юридикалык билимге ээ. 2011-жылдан 2012-жылдарга чейин «Учкун» типографиясын жетектеген. 2012-жылдын декабрынан тартып Кубат Болотканов Бишкектин шаардык кеңешинин «Республика» партиясынан депутатынын постун ээлеп турган. 2013-жылдын сентябрь айынан тартып КР КТРКсынын башкы директорунун телеберүү боюнча орун басары болгон. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен сунушталган.

## СЫЯГУЛЬ КАРАМАН



К.Карасаев ат. БГУнун кыргыз-россия факультетинин бүтүрүүчүсү. Мектепте орус тили жана адабияты мугалими, «Кабар» КУМАда жооптуу чыгаруучу, Кыргызстандын телерадиокомпанияларында корреспондент жана программалардын алып баруучусу болуп эмгектенген. Кыргыз жана орус тилдериндеги бир катар документалдык фильмдердин сценарийинин автору жана режиссеру. Азыркы мезгилде – көз карандысыз медиа-эксперт. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тараптан сунушталган.

## ЖЫЛДЫЗБЕК КЕРИМБАЕВ



Кыргызстандагы «Комсомольская правда» газетасынын басып чыгаруучусу. Баласагын ат. КММУну «журналистика» адистиги боюнча аяктаган. «Дастан» технологиялык университетинде менедж-ментти изилдеген. Кыргызстандагы «Комсомольская правда» газетасынын өкүлчүлүгүндө 20 жылдан ашуун эмгектенет, карьералык өсүүнүн бардык баскычтарын басып өткөн – жарнама боюнча менеджерден тартып башкы директорлукка чейин. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тараптан сунушталган.

## НИЯЗОВА ЖЫЛДЫЗ



Юридика илимдеринин кандидаты, сертификатталган медиатор, Кыгыз Республикасынын Адвокатурасынын адвокаттарынын Окуу борборунун тренери, Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин Эл аралык жана ишкедик укук кафедрасынын доцентинин м.а., БУУнун (ЮНИСЕФ) Балдар фондунун Балдарды коргоо программасы долбоорунун эксперти. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен сунушталган.

## САРТБАЕВА АТЫРКУЛЬ



1992-1997-жылдары Б.Бейшеналиевоа ат. искусство институтунда уюштурууучу-методист адистиги боюнча окуган. 1995-1997-жж. КТРКда диктор болуп эмгектенген, ушул эле жылы дикторлук курсту аяктаган. 2000-ж. тартып азыркы мезгилге чейин "Ашар козголушу" КБнын башкы директорунун жардамчысы жана "Алтын-Өмүр" ЖЧКсынын диреорунну орун басарынын кызматын айкалыштырат. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коомдон сунушталган.

## *Корпорациянын жетекчилиги*

КАРЫПБЕКОВ ИЛИМ МАЙРАМБЕКОВИЧ



КТРКнын башкы директору. КТРКнын Байкоочу кеңеши тарабынан 2015-жылдын 19-мартында ачык сынак тадоосунун жардамы менен шайланган.

УРАКУНОВА ЖЫЛДЫЗ ИМАНГАЗИЕВНА



КТРКнын башкы директорунун телеберүү боюнча орун басары. Кызмат ордуна 2018-жылдын 26-апрелинде дайындалган, КТРКнын башкы диекторунун сунуштоосу боюнча КТРКнын Байкоочу кеңешинин чечими менен бекитилген.

АБДЫРАХМАН УУЛУ ШАЙЫРБЕК



КТРКнын башкы директорунун радиоуктуруу боюнча орун басары. Кызмат ордуна 2018-жылдын 21-июнунда дайындалган, КТРКнын башкы диекторунун сунуштоосу боюнча КТРКнын Байкоочу кеңешинин чечими менен бекитилген.

## *Корпорацияны каржылоо*

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын курамында өзгөчө орунду телерадиоберүү ээлеп турат. Кыргыз Республикасынын демократиясынын жана коомдук түзүлүшүнүн өнүгүүсүнүн заманбап баскычында, коомдук телерадиоберүү өлкөнү бирдиктүү ммлекетке бириктирип туруучу жалпы көз караштарды калыптандыруунун негизги коомдук-саясий куралы болуп саналат.

КТРКнын стратегиялык максаты болуп телекөрүүчүлөрдүн жана радиоугуучулардын эң ири санына көп улуттуу коомдун бардык социалдык топторуна, инсанды ар тараптуу өнүктүрүүгө, калктын маданий деңгээлин жогорулатууга багытталган, жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик саясаттын алкактарында бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти сактоого шарт түзүүчү эң эле актуалдуу маалыматты камтыган телерадиопрограммаларды жаратуу жана жеткирүү эсептелет. Акыркы төрт жыл ичинде Корпорациянын негизги ишмердиги жана анын программалык саясаты маалыматтык, маданий-агартуучулук жана билим берүүчүлүк, интеграциялык, социалдык-тарбиялоочулук сыяктуу негизги социалдык функцияларды күчөтүүгө жана кеңейтүүгө, ошондой эле мамлекеттик саясат жөнүндө аныкталган маалымат менен коомчулукту камсыздоого багытталышкан. Сапатын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн, ошондой эле телеберүү жана радиоуктуруу программаларына көрүүчүлүк кызыгууну жогорулатуу үчүн КТРКнын каналдарында түзүмдүк, контенттик өзгөртүүлөр, материалдык-техникалык базаны жакшыртуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлүшкөн.

Заманбап телеберүү рыногундагы кырдаал жана ушуга ылайык КТРКнын телеканалынын абалы медиачөйрөнүн тездик менен өзгөрүлүп жаткан шарттары менен шартталышкан: санариптик берүүнү, көрүүчүгө контентти жеткирү платформасын өнүктүрүү, телеканалдар санын жогорулатуу, ТБны социалдык жана жаш курак топтору боюнчадагы көбүрөөк сегменттештирүү, аудиториянын «төмөнкү» каналдарга жана Интернетке агылып кетүүсү, каналдар ортосундагы катуу атаандаштык.

Ошону менен бирге, негизги телеканалдардын жыйнакталган аудиториясынын үлүшү төмөндөгөн. Бул адистештирилген каналдардын тездик менен өнүгүүсү, Интернеттеги видеоконтент боюнча сунуштардын ири санынын пайда болушу, теле көрүүдөгү өзгөрүүлөр, маалыматтын альтернативалуу булактарынын пайда болушу менен шартталган. Буга жооп катары, Корпорация акыркы жылдардын ичинде, көрүүчүлүк аудиториянын жаңы талаптарын жоп бере турган программалык продуктту өркүндөтүү боюнча, системаны бардык мүмкүндүк болгон плаформалар аркылуу таркатууну кеңейтүү, контентти сайтта жайгаштыруу боюнча удаалаш иштерди жүргүзүп келе жатат.

Республикалык каржылоо Корпорацияга анын чыгымдарын «КТРК жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ордун толтуруу максаттарында сунушталат жана ишмердикти финансылык камсыздоого, ошондой эле 120 телеберүүчүлүк жана 165 радио программа продукттарын өндүрүүгө байланышкан чыгымдарды жабууга, алар менен теле радио эфирди толтурууга жанааны телекөрүүчүлөргө жана радиоугуучуларга жеткирүү боюнча иш-чараларды камсыздоого багытталат.

Акыркы эки жыл ичинде санариптик берүүгө өтүүгө байланыштуу, Корпорацияны каржылоо ири өзгөрүүлөрдү башынан кечирген. Корпорациянын жетекчилигинин лдында контентти жакшыртуу маселелери гана эмес, биринчи кезекте, кандай ыкма менен кызматкерлердин ченемдик белгиленген штаттык тизими учурунда 6 телеканалдын күнү-

түнү берүүсүн камсыздоого, мында телеберүү мейкиндигиндеги лидерлик позицияларды гана сактап калбастан, атаандаштык рыногунда жогорку класстагы эмгек ресурстарын кармап калуу менен боло тургандыгы жөнүндө маселе келип чыккан.

Өлкөнүн санариптик берүүгө өтүү жана КОрпорациянын Социалдык пакетке алты телеберүү каналдарынын курамында кирүүсү мезгилинде, жылдык берүүлөр көлөмү негизги каналдагы 6 438 сааттан, алты телеберүү каналдарындагы 47 472 саатка чейин жогорулаган (2016-жылы 27 413 саат, 2017-жылы – 44 165 саат). Радио берүүлөрү мурунку деңгээлде калган жаа жылына берүүлөрдүн 21 900 саатын түзүп турат. Корпорациянын штаттык тизиминин санына арата ченемдик база өзгөртүлбөгөн бойдон калгандыгын эске алуу менен, кызматкерлерге келүүчү жүк бир нече эсеге өскөн. Бул чыгармачылык дагы, техникалык дагы сандарга тиешелүү, ошондой эле жалпы камсыздоо ызматарына да тиешелүү болот. 2018-жылы адам ресурстарынын жетишпей жаткандыгын көрсөтмөлүү көрсөтүп бере алган жумуш орундарынынын жана кызматкерлердин санынын инвентаризацияланууcу жүргүзүлгөн. Корпорациянын штаттык тизимин жөнгө салуучу негизги ченемдик акт болуп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №266 токтому саналат, ал ошондой эле ЭлТР Мамлекеттик компаниясы үчүн дагы иштелип чыккан. Ушул токтомду, сандардагы шайкеш келишпестиктерди көрүү үчүн кызматкерлердин бекитилген санынын алкактарында талдап чыгуу эле жетиштүү:

| | КТРК | | | Эл ТР | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | №266 КРӨТ менен бекитилген | ТБ жана РУ каналдарынын саны | 1 каналды тейлөөгө карата адамдардын орточо саны | №266 КРӨТ менен бекитилген | ТБ жана РУ каналдарынын саны | 1 каналды тейлөөгө карата адамдардын орточо саны |
| ТБ жана РУнун чыгармачыл-өндүрүштүк персоналы | 341 | 11 | **31** | 207 | 3 | **69** |
| Жыйынтыгында | 341 | | | 207 | | |

Аталган таблицалар бир каналды камсыздоого карата кызматкерлердин орточо саны, ЭлТР Мамлекеттик компаниясы үчүн бекитилгенге караганда эки эсеге төмөн экендигин так көрсөтүп турат. Эгерде маалыматтарды телеберүү каналдары үчүн гана өзгөчөлөп карап чыксак, анда төмөнкүдөй сүрөттөлүш көз алдыга тартылат:

| | КТРК | | | Эл ТР | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | №266 КРӨТ менен бекитилген | ТБ каналдарынын саны | 1 каналды тейлөөгө карата адамдардын орточо саны | №266 КРӨТ менен бекитилген | ТБ каналдарынын саны | 1 каналды тейлөөгө карата адамдардын орточо саны |
| ТБнын чыгармачыл-өндүрүштүк персоналы | 240 | 6 | **40** | 198 | 2 | **98** |

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар адам ресурстарынын катастрофиялуу жетишпестигин көрсөтүп турушат. Факт жүзүндө «Музыка» телеканалы жана «Миң Кыял FM» радиоканалы келишим боюнча кошумча жалданышкан кызматкерлердин эсебинен гана иштеп турат, ошол эле нерсе «Ала -Тоо 24» телеканалынын жана «Биринчи радио» аймактык крреспонденттерине дагы тиешелүү. КТРКнын дээрлик бардык телеканалдарында кошумча түрдө келишим боюнча режиссерлор, үн режиссерлору, аниматорлор кабыл алынышкан. Келишим боюнча эмгектенишкен кызматкерлер штаты 2018-жыл ичинде 61 бирдикти түзгөн. Мында баары бир, келишим боюнча кабыл алынышкан кызматкерлерди эмгек акы менен камсыздоодогу проблемаларды дагы белгилеп кетүү керек. Бул Корпорациянын бюджетиндеги жалпы ири өзгөрүүлөр менен байланышта. Бюджеттик кодексти киргизүү менен атайын эсеп жабылган, бардык кирешелер республикалык бюджетке келип түшө баштаган, бюджеттик оран алмаштыруу караштырылган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №266 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү менен, жетекчиликке 207-2018-жылдарда кызматкерлердин эмгек акысын жана сыйакы фондун сактап калуу проблемасын чечүүгө мүмкүн болгон, ошондой эле чыгармачыл кызматкерлерди эмгек келишими боюнча кармап турууга шарт болгон. Корпорациядагы штаттык тизимди жогорулатуу мүмкүндүгүнө ээ болбостон, КТРКнын чыгашаларынын бекитилген сметасынын каражаттарынын эсебинен РРТБ МИсинин түзүмдүк бөлүмүндөгү кызматкерлерди кабыл алуу сунуш киргизилген. Ушул татаал маселени чечүү, 2018-жыл телеберүү жана радио каналдарынын толук кандуу сапаттуу берүүлөрүн камсыздоого жардам кылган.

КТРКны 2018-жылы камсыздоо республикалык бюджеттен бюджеттик ассигнованиялардын эсебинен 390 777,5миң сом суммасында Корпорациянын ишмердигине – социалдык чөйрөнүн бюджеттик мекемеси катары мамлекеттик колдоо көрсөтүү үчүн жүзөгө ашырылган.

Республикалык бюджеттин каражаттарын бекитилген «2018-жылга карата бюджеттин кирешелер жана чыгашалар сметасы» менен чыгашалоонун негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналышкан:

- эмгекке төлөөгө, автордук сый акыларды төлөөгө карата чыгашалар
- камсыздандыруу мүчөлүк акыларын төлөөлөр
- техникалык кызмат көрсөтүүлөргө карата чыгашалар
- байланыш кызматтарынатөлөөгө, КТРКнын телерадиоканалдарынын программаларын аракеттеги тарифтерге ылайык таркатууга же алып берүүгө карата чыгымдар

Кыргыз Республикасындагы санариптик берүүгө өтүүгө жана Социалдык пакетке КТРКнын арты телеканалынын киргизилишине байланыштуу, чыгашалар беренелери боюнча белгилүү өзгөртүүлөр жүргөн. 2018-жыл үчүн чыгашалар беренелеринин 2017-жылга салыштырмалуу кеңири маалымат, төмөндөгү таблицада келтирилишкен:

| Катар № | Чыгашалар беренелеринин аталыштары | 2017 | | 2018 | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | миң сом | бюджетке карата % катнашы бардыгы | миң сом | бюджетке карата % катнашы бардыгы |
| 1 | алып берүү кызматтары | 200647,4 | 42,2 | 93662,9 | 24,0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | техникалык кызматар | 108017,6 | 22,7 | 130619,6 | 33,4 |
| 3 | чыгармачыл курамдын эмгек акысы | 118825,4 | 25,0 | 119181,6 | 30,5 |
| 4 | Соцфондго которуулар | 20558,8 | 4,3 | 20558,8 | 5,3 |
| 5 | иш сапарынын чыгымдары | 3990,2 | 0,8 | 5685 | 1,5 |
| 6 | байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 3783,3 | 0,8 | 3399,4 | 0,9 |
| 7 | машиналар жана жабдуулар | 2718,3 | 0,6 | | 0,0 |
| 8 | контентти сунуштоо боюнча КТФ кызмат көрсөтүүлөрү | 11263,8 | 2,4 | 11263,8 | 2,9 |
| 9 | жана башка кызмат көрсөтүүлөр (Кыргызпатент, МБАга төлөөлөр) | 4632 | 1,0 | 4607,8 | 1,2 |
| 10 | буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 1487,8 | 0,3 | 1798,6 | 0,5 |
| | Жыйынтыгында | 475924,6 | 100,0 | 390777,5 | 100 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, эгерде мурда чыгашалардын ири бөлүгү РМТР РПБнын кызматтарына сигналды таркатуудагы кызмат көрсөтүүлөрү үчүн туура келе турган болгон, анда 2018-жылы чыгашалардын эң ири беренелерин техникалык тейлөөгө жана кызматкерлердин эмгек акысына болгон чыгымдар түзүшкөн. (Техникалык кызмат көрсөтүүлөр үчүн мурунку мезгилдер чхн кредитордук карыз төлөнүп берилгендигин эсепке алып кетүү керек). Алып берип көрсөтүү кызматтары 2018-жылы Корпорациянын жалпы бюджетинин 24% түзгөн жана өзүнө радио сигналдарын таркатууга карата чыгымдарды камтып турушат.

Так көрүнүп турууучу өзгөрүүлөр төмөнкү диаграммада берилишкен:




жана башка буюмдар жана материалдар жана башка кызматтар КТФ кызматтары машиналар жана жабдуулар байланыш кызматтары иш сапарынын чыгымдары Соцфондго которуулар эмгек акы техникалык кызмат көрсөтүүлөр алып берүү кызматтары 2018-жыл 2017-жыл

*КТРКНын финансылык-чарбачылык ишмердигинин жыйынтыктары боюнча*

*кененирээкмаалымат 2018-жылүчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жалпы маалыматтары менен ушул отчеттун 7-бөлүгүндө берилген.*

# 2. 2018-ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕГИ КОРПОРАЦИЯНЫН ИШМЕРДИГИН СҮРӨТТӨӨ.

## *2.1. Телеберүү бөлүгүндө*

Отчеттук мезгилде теле жана радио берүүлөрүн өндүрүү жана көрсөтүү мамлекеттик маанидеги иш-чаралар тизмегин эсепке алуу менен жүргүзүлүшкөн: III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндары, улуу жазуучу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгы, Кыргыз телеберүүсүнүнүн 60 жылдыгы, Түркия Республикасынын Президенти Р.Т. Эрдогандын расмий визити, түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташуусунун Кеңешинин отуруму, эл аралык инвестициялыек форум, КР Президентинин пресс-конференциясы, Аймактарды өнүктүрүүнүн жарыяланган жылынын алкактарындагы иш-чаралар жана башкалар.

КТРКнын телеберүү каналадары 2018-жылы 24 сааттык күнү-үнү берүүлөргө өтүшкөн. Жалпы көлөмүндө КТРКнын берүүлөрү орточо суткасына 135 саат өндүрүлгөн, башкача айтканда берүүлөр тиешелүүлүгүнө жараша 14 саатка жогорулашкан.

*1-таблица. КТРКнын телеберүү каналдарынын берүүлөрүнүн суткалык көлөмү*

| | | |
|---|---|---|
| **“Коомдук биринчи канал” 24 саат** | **“Маданият-Тарых-Тил” 24 саат** | **“Баластан” 15 саат** |
| **“КТРК Музыка” 24 саат** | **“Ала-Тоо 24” 24 саат** | **“КТРКСпорт” 24 саат** |

### *Жалпы көлөмдөн 50%дашашуун мамлекеттик тилде берүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча милдет*

- *жыйнакталган көлөмдө (КТРКнын теле-, радиоканалдары боюнча) 72% кыргыз тилиндеги берүүлөр түзүп турат.*

Ошентип, «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын берүүлөрдүн өздүк берүүсүнүн 50% ашуун жүргүзүү боюнча милдеттенмелери бөлүгүндө толук көлөмдө жүзөгө ашырылууда.

### *30% чейинкини балдар, жаштар, көңүл ачуучу жана билим берүүчү программаларга бөлүп берүү*

КТРКдагы 2018-жылдагы балдар-билим берүү тематикасына карата берүүлөр «Баластан» телеканалынын студиялары жана «Балдар FM» студиясы тарабынан жүргүзүлүшкөн. Эгерде телеканал студиясы берүүлөрдү «Баластан» адистештирилген балдар-билим берүү телеканалы үчүн артыкчылыктуу жүргүзүп турса, экинчи студия болсо продукция менен балдар радиоаудиториясын камсыздап турат. Жаштар үчүн көңүл ачуу жанрдык сегментин «Музыка» телеканалынын жана «Миң Кыял FM» радиостанциясынын берүүлөрү толтуруп турушат.

- *Жыйнакталган көлөмүндө балдар жана жаштар үчүн ерүүлөр, ошондой эле көңүл ачуучу жана билим берүүчү мазмундагылар – өздүк берүүлөрдүн жалпы көлөмүнөн 36% берүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн эсебинен түзүп турат.*

КТРКнын «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын берүүлөрдүн өздүк берүүсүнүн 30% чейинки бөлүгүн балдар, жаштар, көңүл ачуучу жана билим берүү программаларына бөлүп берүү жөнүндө милдеттенмелери бөлүгүндө –толук көлөмдө аткарылууда.

## *Ата мекендик контентке 70% кем эмес, тышкы контентке 30%га чейин бөлүп берүү жөнүндө КР Мыйзамынын ченеми*

- *Корпорациянын телерадиоканалдарынын эфириндеги тышкы контент анимациялык жана кино-музыкалык продукция түрүндө берилген, анын үлүшү берүүлөрдүн жалпы көлөмүнөн 20 пайыздан ашпайт.*

Калган көлөмдү өздүк өндүрүштөгү берүүлөр, ата мекендик өндүрүштүк кинопродукциясы жана Кыргызстандын аймагындагы студиялар тарабынан өндүрүлгөн берүүлөр түзүп турушат. Ушуга ылайык, «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын берүүлөрдүн 70% кем эмес бөлүгүн ата мекендик контентке берүү бөлүгүндө 2017-жылы толук өлчөмдө жүргүзүлгөн.

## *Мамлекеттик органдардан расмий билдирүүлөрдү таркатуу*

«Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык КТРКнын телерадиоканалдары 2018-жылы зарылдыгына жараша жана маалыматтык шылтоо пайда болгону чурда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий маалыматтарын таркатышкан.

2017-жылы Корпорация өлкөнүн бардык стратегиялык маанилүү жана мамлекеттик олуттуу иш-чараларын чагылдырууга тартылган. Төмөндө айрым көрүнүктүү иш-чаралардын жана мамлекеттик маанидеги окуялардын айрымдары келтирилишет.

- Мамлекеттик маанилүүлүктөгү олуттуу майрамдык иш-чараларды тартуу жана алып көрсөтүү: III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндары, улуу жазуучу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгы, Кыргыз телеберүүсүнүн 60 жылдыгы, Түркия Республикасынын Президенти Р.Т. Эрдогандын расмий визити, түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташуусунун Кеңешинин отуруму, эл аралык инвестициялык форум, КР Президентинин пресс-конференциясы, Аймактарды өнүктүрүүнүн жарыяланган жылынын алкактарындагы иш-чаралар жна башкалар.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишмердигин чагылдыруу боюнча жумалык

берүүлөрдү өндүрүү жана чыгаруу: «Кыргыз Өкмөтүндө», «Стратегия - 2040», окуялык репортаждар.

- КР Президентинин, Жогорку Кеңештин Спикеринин жана Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин ишмердигине байланышкан олуттуу окуялар жана иш-чаралар күн сайын ТБ жана радионун жаңылыктар блогунда чагылдырылышат.

- Эфирге Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишмердигин чагылдыра турган "Парламент", "Парламентаризм сабактары" жумалык берүүлөрүн чыгып турушат.

- КР ӨКМи жана КР ИИМи менен кызматташуу «Өзгөчө кырдаалдар», «Телекүзөт» жумалык берүүлөр аркылуу ишке ашырылат.

КТРКнын «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бийликтин мамлекеттик органдарынын маалыматтарын берүү боюнча аткаруу бөлүгүндө толук өлчөмдө аткарылышууда.

2018-жылы КТРК телеканалдарынын берүүлөр сеткасы мамлекеттик маанидеги бир нече иш-чараларды эске алуу менен тургузулган: III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндары, улуу жазуучу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгы, Кыргыз телеберүүсүнүн 60 жылдыгы, жарыяланган «Аймактарды өнүктүрүү жылы» алкактарындагы иш-чаралар өткөрүлүшкөн.

### *2.1.1. III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарын аярдоо жана чагылдыруу*

III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарын чагылдыруу үчүн, тике алып берүүлөрдү жана спорттук жана маланий ш-чаралар боюнча программаларды өндүрүүнү камсыздоо максаттарында, ошондой эле жаңылыктардын атайын чыгарылыштары үчүн КТРКнын техникалык жана адам ресурстары ишке тартышкан. Атап айтканда, 3 көчмө телеюерүү станциялары коштоонун көмөкчү машинасы жан видеомонтаждлл үчүн техникалык жабдуулардын 10 бирдиги менен тартылышкан. Сигналды Кыргыз Республикасынын ичинде жана анын чектеринен тышкары берүү үчүн  спутник жабдууларынын 2 комплекти, 15 автономиялуу виеокамералар 12 кечки тартуулар үчүн атайын чагылдыруунун 12комплекти, телеберүү краны жана онлайн туташтыруу мүмкүндүгү менен 3 дрон ишке тартылышкан эле.



Андан тышкары, Корпорациянын 300 кызматкери ишке тартылышкан, аларбардык иш-чараларды КТРК телеүй-бүлөсүнүн телеканалдары боюнча тике чагылдырып жана берип турушкан. Атап айтканда, маданий иш-чаралар “Маданият-Тарых-Тил” телеканалы, спорттук бөлүгү “КТРК Спорт” телеканалы тарабынан чагылдырылган. Маалыматтык жаңылыктар үзгүлтүксүз “Ала-Тоо 24” маалыматтык телеканалынын 4 мобилдик тобу тарабынан күнү-түнү берилип турган.








Ошону менен бирге, III БКОну алып көрсөтүү дүйнөнүн 60 өлкөсүнд- жүргүзүгөн, алардын катарына КМШ, Балтия өлкөлөрү, жана Грузия бар, аларда берүүлөр тике алып берүү менен жүргүзүлгөн. Ошондой эле, түз эфирде төмөнкү телеканалдар тартышкан: “CBC” азербайжан телеберүүсү, “Хабар”, “Казак ТВ”, “Эл Арна” жана “Хабар 24”казак телеберүүлөрү, “МИР” телеканалы, “TRT” (Turkish Radio and Television) телеканалдар түркүмү, Өзбекстандын улуттук телерадиоберхх корпорациясы. Андан тышкары, жогорку технологиялардын өнүгүү кылымында, III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарын берүү жана алып көрсөтүү онлайн жүзөгө ашырылган. Associated Press, France Press, Russia Today сыяктуу дүйнөлүк агенттиктер жана башкалар онлайн режимде III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарынын ачылышын жана жабылышын Европа өлкөлөрүндө алып көрсөтүшкөн, анын ичинде социалдык медиа дагы. Ошондой эле Азербайжандын “CBC” телеканал боюнча III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарынын видеосу жанапромо роликтери берилип турган. Кытайдын “CCTV” жана “CCTV–Русский” телеканалдары, “Россия” жана “Россия 24” каналдары жана Дания телеберүүсү күнүмдүк негизде жаңылыктык сюжеттерди чыгарып турушкан. Корпорация III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндары тууралуу документалдык фильмди даярдаган “Абу Даби медиа” каналына кеңеш берүү жардамын жана техникалык жардамды көрсөткөн.

## *2.1.2. Кыргыз телеберүүсүнө 60 жыл*

2018-жыдын 8-декабрында кыргыз телеберүүсүнө 60 жыл толгон. Туптуура 60 жыл мурун Советтик Кыргызстандын жашоочулары алгачкы телеберүү программасын көрө алышкан. Анда берүүлөр эфирге жумасына төрт жолу чыгарылуучу жана кара-ак сүрөттөлүштө алынып бериле турган.

Ошол, 1958-жылда Кыгыз ССРинин Министрлер Кеңешинин алдында Телеберүү жа радиоуктуруу боюнча Комитет уюштурулган. Анын башчысы болуп Рабия Менсеитова дайындалган. Кыргыз телеберүүсүнүн алгачкы диктору болуп Сайнаке Жунушалиева, алгачкы режиссеру - Жанузак Молдобаев, биринчи редактору - Шаршеке Сматов, биринчи үн режиссеру - Светлана Варивода, биринчи оператору - Курманбек Огобаев эсептелишкен.

Ошондон бери ата мекендик телеберүү көптөгөн өзгөрүүлөргө туш болгон. Ал, сөзсүз түрдө, жаңы сапаттуу деңгэлге чыккан. Ошол күндөн бери өтүп жаткан 60 жыл ичинде, кыргыз телеберүүсү өз өнүгүүсүндө ири секирик жасай алган, бүгүнкү күндө өлкөдө жана дүйнөдө болуп жаткан окуялар тууралуу ыкчам маалыматты алуунун негизги булагы болуп калган.

Телеберүүнүн санариптик беүүгө ийгиликтүү өтүүсү медиа мейкиндикте дагы ири жана олуттуу ролду ойногон. Санариптик берүүгө өтүү сапаттуу контентти өндүрүү үчүн атаандаштыкты сүрөттөлүштү жана үндү мыкты берүү менен жарата алат.

Бүгүнкү күнү КТРК –бул алты телеканал жана дагы 5 радиостанция, алар эфир контентинин 170ден ашуу саттарын өндүрүшөт. Бул корпорациянын кызматкерлеринин көп миңдеген армиясы жана телекөрүүчүлөрдүн көп миллиондогон аудиториясы.

Кыргыз телеберүүсүнүн 60 жылдыгын майрамдоо бүткүл жыл ичинде өткөрүлүп турган. Ушул окуянын урматына  көп сандаган ишч-аралар өткөрүлүшкөн, алсак, журналисттер ортосундагы спрттук таймаштар, флешмоб, атайын телеберүү чыгарылыштарын көрүтүп турушкан, мыкты кызматкерлерге сыйлыктарды белекке беришкен.

Телеканалдар дана студиялар тарабынан ар түрдүү програмалар жана берүүлөр, түз эфирлр жана ток-шоулар уюштурулган. Мисалы, "Ала-Тоо 24" телеканалынын «Кыргыз телеберүүсүнүн легендалары» репортаждар сериясында Кыргыз телеберүүсүнүн башатында турушкан адамдар көрсөтүлүшкөн. Көрүүчүлөр аларды угушкан, сүйүшкөн жана чыдамсызданууу менен күн сайын көгүлтүр экрандын алдына

топтолушуп, биринчи жаңыдыктарды угуп алууга ашыгышкан. Жаңы «Кыргыз телеберүүсүнүн легендалары» долбоорунун биринчи коногу болуп ошол кездеги республикалык телеберүүнүн жүзү болуп калган Тамара Жаманбаева эсептелгени дагы символикалуу. 80-жылдардын легендалары А.Сатаров, Б.Досалиева, А.Кадыровалар дагы белгиленишкен. Репортаждар сериясы Орто Азиянын мыкты диктору Ж.Кайыпов тууралуу эскерүүлөргө арналышкан. Өзгөчө көңүл телеберүүнүн ардагерлерине, улуу муунга бурулган, алар өз өмүрүн телеберүүнүн калыптануусуна жана өнүгүүсүнө арнашкан эле.

Андан тышкары, Ч.Капарова, Ш.Жумагулова, Н.Ахмедова, К.Чыдынов, Э.Кыязов, Н.Бурханова жана башка көптөгөн телеберүүнүн мыкты жылдыздары чагылдырылышкан. Жаңылыктар программаларынын алып баруучулар мурунку толкундатуучу сезимдерди кайра баштан кечирүүгө, камеранын алдына турууга жана өз көрүүчүлөрүн кубандыруу мүмкүндүгүн алышкан.Мурунку кесиптештеринин, ири кесипкөйлөрдүн аттарын сыймыктану уменен аташкан. Алар али да болсо өлкөнүн бакцбаттыгы үчүн эмгектенишүүдө, бирок КТРКнын дубалдарынан тышкары.

Б.Сутенова, М.Мамбеталиевсыяктуу Кыргыз телеберүүсүнү корифейлери жана метрлери дагы тышта калышкан жок, алар азыркыга чейин 50 жылдан ашуун телеберүгө берилүү менен кызмат кылышууда жана өсүп келе жаткан журнаистттер муунун тарбиялашууда.

КТРК кадрлардын өз алдынчалуу устаканасына айланган. Коомдук биринчи канал ондогон кесипкөй жана жарык жанган инсандарды чыгарган. Бул жаш, заризмалуу, таланттуу жана ийгиликтүү адамдар. Алар дагы азыркы телеберүүнүн калыптануусуна өз салымдарына кошууга үлгүрүшкөн.

Ошону менен бирге, Корпорациянын мурунку жетекчилеринин катышуусу менен түз эфирлер жана ток-шоулар уюштурулушкан. Медиаэксперттер, коомдук ишмерлер жана саясатчылар, өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү КТРКнын мамлекеттик жана эл аралык деңгээлдеги ролу, телеберүүнүн маанилүүлүгү жана келечеги тууралуу айтып беришти. Түз эфирде "Актуальный разговор" программасында телеберүүнүн ардагерлери жана Кыргыз телеберүүсүнүн калыптануусуна жана өнүгүүсүнө ири салым кошкон кызматкерлер катышышты. Редакторлор жана алып баруучулар, инженерлер жана техникатер жумуш күндөрүндөгү кызыктуу учурлар жана тамашалуу окуялар тууралуу кеп салышты. Өзгөчө "Кыргыз телевидениесинин энциклопедиясы" программалар циклин белгилеп кетүү керек, мында телеберүүнүн жана телеберүүнүн доорунун негизделгенден тартып бүгүнкү күнгө чейинки тарыхы айтылат.

60 жыл ичинде өлкөнүн башкы каналында элдер достугужана биримдиги тууралуу көптөгөн долбоорлор чыккан. Алсак азыр дагы, КТРКнын 60 жылдыгына майрамдап жатып, "Ырдайлы кыргыз ырларын" долбоорунун авторлору жана "Маданият-Тарых-Тил" каналы улуттуу"60 жыл чогуу" флешмобун өткөргөн. Борбор калаабыз мынчалык костюмдардн, музыкалык аспаптардын, концерттик номерлердин ар түрдүүлүгүн көптөн бери көрө элек болчу. КТРКнын 60 жылдыган арналган флешмобдо дүйнөнүн 20 калкынан ашыктарынын өкүлдөрү катышышты. Алардын

ичинде Кыргызстанда көптөгөн жылдар көп жылдар бою жашагандар дагы, конокко бир аз мурун келгендер дагы болушту.




Комплекстүү иш-чаралардын бири болуп жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн арасындагы спрттук таймаштар эсептелип калышты. бул интернет басылмалары, басылма ишканалары жана өлкөнүн телекомпаниялары дагы. Бильярд жана футбол боюнча турнирлер. Таймашууларга ЖМКлардын 80ге жакын өкүлү катшышты. Журналисттер, операторлор, режиссерлор мыктылар аталыштары үчүн таймашышты.

Ошондой эле 60 жылдыктын урматына Корпорацияда алгачкы жолу расмий гм пайда болду. Ан негизги чакырыгы көп кылымдык тарыхка жана элдин баалуулугунда, телеберүүнүн алтын фондун жаратышкан инсандардын маданиятында жана жетишкендиктеринде камтылган. Бул манасчылар, төкмөлөр, ар түрдүү багыттардын бүт дүйнөгө даңкы тараган баатырлары жана жылдыздары. Гимн ошондой эле Кыргыз телеберүүсүнүн флагманы бойдон калуу менен жаңы бийиктиктерге жана чокуларга жетишүүгө шыктандырат. Сөздөрүн жаш акын Акбар Кубанычбеков, ал эми музыкасын башкы үн режиссеру Нурдин Торобеков жазышкан. Гимнди эстраданын 16 артисти аткарышкан. Ал эми башкы девизи "Улутума мураска!" деп жаңырат.

Юбилей мааракесин салтанаттуу майрамдоо Токтогул Сатылганов атындагы УЛуттук филармонияда өттү. Ага телеберүүнүн ардагерлери, КТРКнын кызматкерлери, Корпорациянын өнөктөштөрү жана Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын өкүлдөрү катышышты. Белгилеп кетүү керек, Кыргыз телеберүүсүнүн 60 жылдыгын майрамдоого Кыргыз Республикасынын Президентинин аппараты тарабына 500 миң сом бөлүнгөн. Албетте, бул мамлекет тарабнан телеберүүнү колоо көрсөткүчү жана санариптик телеберүүнүн жаүы муунун өнүктүрүүгө салым кошуу.






Бул каналдын кызматкерлеринин гана майрамы эмес, ал Кыргызстандын бүткүл калкынын майрамы.Ал кийинки муунга мурас. КТРКнын кызматкерлери – кыргыз элинин салт-санаасын, маданиятын, тарыхын сактоочулар, алар дайыма мамлекеттик баалуулуктарды жайылтышат, калктын, өлкөнүн кубанычын жана кайгысын бөлүшөт.



## *2.2. Берүүлөр сеткасындагы жаңы телекөрсөтүү берүүлөрү*

Медиа рынокту, атаандаштардын программалык саясатын, аудиториянын пикирлерин жана сунуштарын талдоо, ошондой эле өлкөнүн санариптик телеберүүгө өтүүсү "Коомдук Биринчи канал" башкы каналынын программалар сеткасындагы олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын чыгарган жана ушуга ылайык өзгөртүүлөр Корпорациянын бардык башка төмөнкү телеканалдарында да киргизилишкен. Программалар сеткасын реформалоо баарынан мурун эскирген, мазмуну боюнча же форматы жагынан окшош берүүлөргө туура келген, алар эфирден алынып салынышкан.

Аймактарды өнүктүрүү жылына, улуу жазуучу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгын майрамдоого арналган жаңы тебекөрсөтүүлөрү жана ар трдүү жанрдагы көрүүчүлүк талаптарга жоп берип турган берүүлөр ишке ашырылышкан. Төмөндө КТРКнын жаңы долбоорлорунун айрымдары келтирилишкен.

**"Элим менин элетте"**

"Элим менин элетте" долбоору Кыргыз телеберүүсүнүн 60 жылдыгына арналган жана КР Президенти тарабынан жарыяланган «Аймактарды өнүктүрүү жылынын» акактарында ишке ашырылышкан. "Элим менин элетте" долбоорунун максаты – айылдыктар мене жер-жерлерде таанышуу. Жөнөкүй айылдыктардын жетишкендиктери, маданияты жана салт-канаалары, бекем достук мамилелери жана жашоолору тууралуу. Бир жылдын ичинде долбоор Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында уюштурулган эле (Нарын, Талас, Чүй, Ысык-Көл, Ош, Баткен жана Жалал-Абад областында райондорду жана шаарларды кошо камтуу менен).





**"Айтматовдун изи менен"**

Улуу жазуучу Чынгыз Айтматовдун 90 жылдыгын майрамдоо жылында, Айтматовдун өмүрүнө, чыгармачылыгына, купуя сырларына, аларды чанда гана адам билген өмүрүнөн алынган фактыларга арналышкан документалдуу берүүлөрдүн сериясы чыккан. Документалдык фильм улуу жазуучунун «Балалыгым» китебинин мотивдери боюнча даярдалган. Берүүдө анын айылдагы балалыгынан тартып өмүрүнүн акыркы көз ирмемдерине чейинки өмүрү тууралуу айтылып берилет. Ошондой эле бир берүү толугу менен жазуучунун жакын адамы Казакстандын Элдик жазуучусу Мухтар Шаханов менен болгон интервьюга арналган.




Андан тышкары, "Биринчи радио" Улуу Жазуучунун 90 жылдыгына арналган "Чынгыз Айтматовдун китеп текчеси" атайын долбоорун киргизген. Долбоор Ч.Айтматовдун чыгармаларына арналган. Партиялардын лидерлери, комдук ишмерлер, КТРКнын жетекчилери жана кызматчылары жауучунун чыгармаларынан үзүндүлөрдү окушкан. 15 видеролик даярдалган жана КОрпорациянын телеүй-бүлөсүнүн каналдарынын эфиринде көрсөтүлүшкөн.




**“Ыр кеседе - ыр күлкү"**

КТРКнын “Ыр кеседе - ыр күлкү" уникалдуу долбоору. Долбоор реалити-шоу форматында даярдалган, анда түз эфирде көрүүчүлөр каныккан концерттик програмалардан, комузчулардын, оркестрдин, театр артисттеринин жана акындардын чыгууларынан ырахат алуу мүмкүндүгүнө ээ болушат. Долбоордун айырмалоочу форматы болуп каалоочу телекөрүүчүлөргө көрүү гана эмес, телеге тартуу процессине катышуу, конокторго жана программанын каармандарына суроо берүү мүмкүндүгү эсептелет. Тартып алуулар Бишкек шаарынын улуттук колориттеги атактуу ресторандарынын биринде өткөрүлүшөт.




**“Күү теги"**

“Күү теги” – бул, кыгыз улуттук күүлөрүнүн жана композицияларынын жайылтылышына шарт түзө турган берүү. Ар бир берүүгө атайын коноктор, эксперттер, музыканттар чакыртылышат жана атактуу, популярдуучыгармалардын жаралуу тарыхы талкууланышат. Долбоордун максаты болупкыргыз калкынын мурасы- күүнүн пайда боуу тарыхын, кыргыз улуттук аспаптардын пайда болуу тарыхын, алардын түрдүүлүгүн жана күү чертүү методикаларын изилдөө эсептелет.



**“Любимый город"**

“Любимый город” Кыргызстандын ири жана чакан шаарлары тууралуу берүү. Программанын авторлорду – аймактык корреспонденттер алардын тарызы, калкынын саны, жергиликтүү өзгөчөлүктөр тууралуу кеп салып беришет. Шаарлардын пайда болуу тарыхы, жакшы жактары жана ушул шаарда жашап турушкан кызыктуу адамдар тууралуу тарыхый окуялар айтылат. Ушул шаарга байланыштуу болгон кызыктуу фактылар берилет.




**“Элдик репортер"**

“Элдик репортер” – бул “Ала-Тоо 24” телеканалынын элдик коомдукрубрикасы. “Элдик репортер” рубрикасынын эфири – бул «биринчи адамдар» айта турган жаңылыктар, кызыктуу окуялар, коомдук тартипти бузуу фактылары жашоочулардын жана шаардыктардын көздөрү менен фотосүрөттөрдө жана видеолордо берилишет. Ар бир чыгарылышы кыргызстандыктардын эң бышып жетилген проблемалары тууралуу кабар берет.




### “Ден соолук +"

“Ден соолук +” – Коомдук биринчи каналдын жаңы долбоору, ал ден соолуктун алдын алуу жана дени сак жашоо образын колдоп туруу максаты менен түзүлгөн. Негизги акцент оорулардын алдын алуу жана дарылоо методдоруна жасалат.




### "Акшоола" телесериалы

Бүгүнкү күндө, тилекке каршы,  биздин өлкөдө тартылышкан сериалдар жок. КТРК сериалдарды чет мамлекеттерден сатып алат, негизинен түрк, орус жана корей сериалдары алынат. Анткени бул өлкөлөрдө, телесериалдарды жаратуу жана өндүрүү индустриясы өнүккөн жана агымга коюлган. Анткени, дал ушул сериалдар аркылуу элдин маданияты, тиричилиги, салты-санаасы жана базалыкбаалуулуктары. Ушуга жараша сериалдар – бул убакыт талабы. КТРК алгачкы жолу тарыхында өз күчү менен сериал тартып жатат.

Көптөн күтүлгөн сериалдын премьерасы 2018-жылдын 15-октябрында өттү. 23 сериялуу тарыхый драма реалдуу окуяларга негизделген. Тасманын сюжети кесипкөй

журналисттин өмүрү тууралуу айтып берет, ал чындык жана акыйкаттык үчүн күрөшөт. Сериал жазуучу Ж.Исабаеванын «Адашкандар» романынын мотивдери боюнча тартылган. Тарыхтын негизинде коомдун заманбап өмүрү турат, адамдын чынчылдык жана калпычылык, сүйүү жана жек көрүү, ак жана кара сыяктуу карама-каршы мүнөздөмөлөрүн сүрөттөйт жана аларын ортосундгы карама-каршы турууларды көрсөтөт. Койгон режисер Ырыс Океновa, койгон оператор Күлчоро Нурсейитов, сценарист Жыпара Исабаева. Ар бир сериянын хронометражы 40 мүнөттөн.








"Акшоола" телесериалын көрсөтүү мезгилинде расмий сайттагы жана КТРКнын YouTube каналдарындагы миллиондогон көрүүлөрдү жыйнап алганга үлгүрдү. Телекөрүүчүлөрдүн эмоционалдык сын пикири жана кубануу менен айткан ойору азыркыга чейин келип түшүүдө. Ушул сериалды коңшу мамлекеттердин телеканалдарында жана медиа мейкиндигиндеги өнөктөштөрдө дистрибуциялоо боюнча иштеп пландаштырылып жана жүргүзүлүүдө.

## *2.3. Д.Садырбаев ат. "Кыргызтелефильм" түзүмдүк түзүлүшүнүн иш алып баруусунун жыйынтыктары*

“Кыргызтелефильм” түзүмдүк түзүлүшүнүн жыл жыйынтыктары боюнча отчету кинопродукция жана телеберүүнүн киножанрлары боюнча эфир заказдарынын негизинде түзүлгөн.

“Кыргызтелефильм” КТРК тараптан еспубликалык бюджеттен жалпы эсепте 11263,8 миң сом суммасына каржыланган.

“Кыргызтелефильм”дин негизги багыттары болуп кино-видео материалдарды, документалдуу, илимий-популярдуу, көркөм тасмаларды, ошондой эле телеберүү продукциясын даярдоо эсептелет.

Бүгүнкү күндө “Кыргызтелефильм” студиясында штаттык бирдиктер саны 35 адамды түзүп турат. Штаттык кызматкерлердин орточо жаш курагы 43 жашты түзөт, ал эми штаттык кызматкерлердин иш стаы 11 жылга барабар болот. Ошондой болсо дагы, кадрлардын агылып чыгып кетүү тенденциясы байкалат. Ушуга байланыштуу 8 бош турган кызмат орду штаттык кызматкерлерге жүктөлүшкөн. Андан тышкары, тасмаларды тартуу учурунда эмгек келишими боюнча чыгармачыл персон лишке тартылышат. 2018-жыл ичинде эмгек жана аткаручулук тартипти бузгандыгы үчүн эскертүү, сөгүш жарыялоо жана кварталдык сый акыларынан ажыратуу түрүндөгү тартиптик жазалоо чаралары колдонулган эмес.

2018-жылга карата өндүрүштүк планга ылайык “Кыргызтелефильм” студиясы тарабынан чыгармачыл кечелер уюштурулушкан, театр жана кинонун атактуу чыгармачыл инсандарынын юбилейине арналышкан жаңы тасмалардын бет ачарлары, коомчулуктун катышуусу менен өткөрүлгөн. Ч.Айтматов атындагы Кино үйүндө 2018-жылы кинорежиссер Г. Базаровдун “Туздуу талаа” толук метраждуу жаңы көркөм фильминин бет ачары уюштурулган.

Маданиятты жана илимди өнүктүрүүдөгү белгилүү ишмерлердин салмактуу салымы үчүн “Кыргызтелефильм” студиясы “Илимдеги зоболо” (профессор М.Мамытов), “Профессор В.М. Плоских”, “Жарык жана көлөкө” документалдуу тасмаларын даярдаган. Документальные фильмы “Защита Сталинграда” жана “Кылым карыткан өмүр” документалдуу тасмаларысогуш ардагерлерине арналышкан Жеңиш Күнүнүн 73 жылдыгына арналышкан.

Кыргыз Республикасынын Президенти С. Жээнбековдун «2018-жылды Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жөнүндө» Жарлыгынишке ашыруу максаттарында “Кыргызтелефильм” студиясы “Кара үнкүр”, “Тайманбас оюн көк бөрү”, “В поисках золотого руна” документалдуу фильмдерин даярдаган.

Атактуу жазуучу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата, “Рух элчиси” документалдык тасмасы тартылган. Ошондой эле, Кыргыз телеберүүсүнүн 60 жылдык юбилей маарекесине карата “Мезгил доорго уланат” толук метраждуу документалдык фильми пландаштырылган жана тартылып алынган эле.

Андан тышкары, атактуу кинорежиссер Г. Базаровдун “Альтернатива” жана

“Эскерүү”автордук программалары даярдалышкан. Ошондой эле 2018-жылы, атайын чыгармачыл топ тарабынан кино-летопись (хроника-архив) “Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары - 2018” тартылып алынган.

“Кыргызтелефильм” студиясы сүрөткөрлердин эбак унутулган постсоветтик убакыттагы маданиятты сыяктуу эле, мамлекеттик саясатты дагы өнүктүрүү сыяктуу көп сериялуу программаларын даярдоону улантууда.

2018-жылдын окбярь айында, эл аралык кинофестивалда, Россия Федерациясынын Екатеринбург шаарында кинорежиссер Тынай Ибрагимовдун “Жарык жана көлөкө” документалдуу фильми “Жюринин атайын байгесин” утуп алды.Ал эми Казань шаарында (Татарстан) өткөн “Мусулман киносу” кинофестивалында фильм «Көрүүчүлөрдүн байгеси» наамына татыктуу болгон. Самара шаарында өткөн кинофестивалда, кинорежиссер Тынай Ибрагимов жюринин курамында катышкан.

**"Кыргызтелефильм" студиясынын 2019-жылга карата өндүрүштүк-техникалык иш-чаралар Планы**

| № | Аталышы | Жыйынтыктары |
|---|---|---|
| 1 | **Кино өндүрүү** | |
| | - Улуттук тематика (Этнос, маданият, кыргыздардын тарыхы);<br>- Социалдык жана тиричилик темалрына карата фильмдерди өндүрүү процессинде: 8 документалдуу; 5 сериялуу көркөм фильмдер, 15 телепрограмма | Калктын руханий жана маданий салт-санааларын сактоо |
| 2 | **Инновациялык жана инвестициялык, техникалык мүмкүндүктөр** | |
| | - Киноблоктун имаратындагы капиталдык ондоо (өндүрүштүк имараттар);<br>- Өрт сигнализациясын орнотуу;<br>- Жылытуу тутумун ондоо;<br>- Каржылоонун техникалык-сметалык долбоорлорунун иш планынын сунуштарын иштеп чыгуу жана киргизүү;<br>- "Кыргызтелефильмдин" балансына киноблоктун имаратына которуу. | Киностудиянын кызматкерлеринин эмгек шарттарын жакшыртуу |
| | - Материалдык-техникалык базаны жабдуу: кесипкөй кинокамера, штативдер, жарык берүүчү прибор, көп каналдуу үн жазуу магнитофону, радиоилгичтер ж.б.у.с.;<br>- Концепцияны иштеп чыгуу жана мамлекеттик дотациялардын жана инвестициялык салымдардын эсебинен автотранспортту сатып алуу боюнча сунуштарды киргизүү | Жаңы муундун талаптарына жооп бере турган фильмдерди өндүрүү |
| 3 | **«Кыргызтелефильмдин» алтын фондунун сакталып турушу** | |
| | - «Алтын фонддун» маалыматтарын электрондук | Санариптик маалыматтык |

| | | |
|---|---|---|
| | базага киргизүү;<br>- Көркөм жана документалдык фильмдерди санариптөөнү улантуу;<br>- Фильмдердин сакталып турушунун долбоордук-сметалык документациясынын иштеп чыгуу жана сунуштарды киргизүү; | фильмофонд, сапатын сактоо жана жакшыртуу (жылына беш фильмден кем эмес). Киностудиянын фильмдеринин кайра жазып алуунун алтын фондун сактоо. |
| **4** | **Эл аралык кызматташуу** | |
| | - Эл аралык кинофестивалдарга катышуу;<br>- Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен кызматташуу, материалдар жана маалымат алмашуу, компаниянын промоушну. | Бүткүл дүйнөдүк кинопроцессинде фильмдердин кадыр-баркын көтөрүү |
| **5** | **Иш-чаралар** | |
| | - “Кыргызтелефильм” студиясынын 50 жылдык юбилейин уюштуруу жана өткөрүү<br>- Эл артисти, белгилүү кинорежиссер Д.Садырбаевдин 80 жылдык юбилейин уюштуруу жана өткөрүү;<br>- Чыгармачыл жолугушууларды жана киножуманы өткөрүү | |

## *2.4. КТРКнын интернет чөйрөсүндөгү катышуусу*

Отчеттук мезгил ичиндеги өткөрүлгөн иштердин жыйынтыгы болуп КТРКнын www.ktrk.kg веб сайтындагы карап көрүүлөр санынын олуттуу өсүүсү эсептелди.

КТРКнын www.ktrk.kg веб сайты маалыматтык медиа-портал катары, өзү менен КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын бардык телеберүү каналдарынын жана радиостанцияларынын жыйнакталган "контент-порталын" түшүндүрүп турат. Мында өткөн мезгил ичинде Корпорациянын теле жана радиоканалдарынын агымдык берүүсүн (стрим) камсыздоочу сервердик бөлүгүндө техникалык жабдууну күчөтүү боюнча иштер жүргүзүлүшкөн. Бул КТРКнын колдонуучулук интернет-аудиториясын олуттуу жогорулатууга мүмкүндүк берген. Ошону менен бирге, чет мамлекеттерде сапаттуу он-лайн берүүлөр үчүн чет өлкөлүк хостингди камсыздашкан. Алсак, аларда кыргыз мигранттарынын эң ири саны топтолушкан Россиянын жана Казакстандын аймактарында. Ошондой эле Корпорациянын социалдык баракчаларындагы Instagram, Facebook, Twitter, YouTube, OK) жазылгандардын санын жогорулатуу боюнча иштер жүргүзүлдү. Өткөн жылдын ичинде Корпорация өзүнүн сайтынын англис тилиндеги жаңы бетин ишке ашырган, бул Корпорациянын эл аралык мамилелерине колдоо көрсөтүү жана кадыр-баркын жогорулатуу максаты менен аткарылган.

КТРКнын сайтын Googleanalytics боюнча карап чыгуулар статистикасы

Отчеттук мезгил ичинде сайттын көрсөткүчтөрү Google Analytics аналитикалык сайтынын статистикасына ылайык 2018-жыл ичинде, 2017-жылга салыштырмалуу эки эсеге өскөн жана 5.2 млн. карап чыгууну түзгөн.




Ошондой эле белгилеп кетүү керек, жыл ичиндеги уникалдуу колдонуучулар саны 2,5 млн. ашык адамды түзгөн, бул аудиториянын сайттын материалдарына болгон кызыгуунун эселенип жогорулоосун билдирет. Интернет порталдарда табигый практика болуп колджонуучулардын утурумдук жогорулоосу сыяктуу эле, аларды жоготуу дагы


эсептелет. Бул жарыяланып жаткан контенттен, өлкөдө болуп жаткан окуялардан, аудиториянын кызыкчылыктарынан көз каранды болот (анткени бүгүн ар бир адам өзү үчүн ыңгайлуу болгон социалдык тйүүндү же интернет сайтты тандай алат). КТРК сайты үчүн мыкты көрсөткүч болуп кайтып келген колдонуучулардын кескин жогорулоосу эсептелет, алардын саны 2018-жылы 3 млн. колдонуучуга чейинки түзгөн.

2018-жыл үчүн колдонуучулар, карап чыгуулар жана сеанстар боюнча деталдаштырылган статистика

2018-жыл кайтып келгендер уникалдуулар моб.түзүлүштөрдөн Сеанстар Колдонуучулар Карап чыгуулар




Сайттын жыл ичиндеги эң көп каралган беттери болуп төмөнкү беттер саналышкан:
Эң көп карала туган беттер болуп: берүүлөр программасы, онлайн, спорт, музыка саналышат.





Өткөн жыл ичинде мобилдик түзүлүштөрлөн карап чыгуулар саны жогорулаган.

| Мобилдик түзүлүш жөнүндө маалымат | Колдонуучулар | Жаңы колдонуучулар | Сеанстар Баш тартуулардын көрсөткүчү | Баш тартуулардын көрсөткүчү | Беттер/сеанстар | Сеанстын орточ узактыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардык колдонуучулар | 1 014 943 | 979 646 | 2 271 441 | 60.18% | 2.32 | 00:01:53 |
| Кайтып келген колдонуучулар | 311 632 | 0 | 1 291 796 | 9.14% | 2.34 | 00:01:59 |
| Жаңы колдонуучулар | 972 311 | 979 646 | 979 646 | 61.54% | 2.31 | 00:01:45 |
| Мобилдик түзүлүштөрдөн болгон трафик | 841 360 | 808 826 | 1 880 226 | 61.59 | 2.17 | 00:01:38 |

**2018-жыл ичиндеги өлкөлөр боюнча карап чыгуулардын статистикасы**

Карап чыгуулардын 80% ашууну Кыргызстандын жашоочулары тарабынан жүзөгө ашырылат. Бирко сайттын көп көрүүчүлүгү дүйнөнүн 10 өлкөсүнөн ашыгыраак жактарда катталган: Россия, Казакстан, АКШ, Түркия, Германия, Украина ж.б.у.с. Алардын саны 983 658 адамды түзгөн жаңы колдонуучулар санынын жогорулагандыгы байкалат.

Өлкөлөр боюнча сеанстар



## SMM-жайылтуу жана Youtube каналдары боюнча статистика

КТРК сайтынын интернетке катышуусу эң популярдуу социалдык түйүндөрдө өзүнүү активдүү өнүгүүсүн тапты. Бүгүнкү күндө КТРК өзүнүн активдүү жана туруктуу аудиториясына ээ. 2017-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, өткөн жыл ичинде жазылгандар саны олуттуу өскөн. Өзгөчө ири активдүүлүк менен Facebook жана Instagram социалдык түйүндөрүнүн колдонуучулары айырмаланышат.

**КТРКнын социалдык баракчалары боюнча статистика**




**Өз алдынча телеканалдар жана радио беттери боюнча көрсөткүчтөр**

**Радио: ФБдагы жазылуучулар саны**




**КТРКнын Фейсбуктагы жазылуучуларынын саны: бардык жазылгандар**

## Количество подписчиков КТРК на Facebook :

- **КТРК:** всего подписчиков : 52 385
- **Замана:** всего подписчиков : 7 860
- **Музыка:** всего подписчиков : 4 228
- **Баластан:** всего подписчиков : 6 163
- **Маданият-Тарых-Тил:** всего подписчиков : 6 901
- **КТРК Спорт:** всего подписчиков : 8 193

КТРКнын контентин өнүктүрүүдө жана жайылтуудагы өзгөчө ролду эң популярдуу YouTube онлайн-сервери ойнойт. Бүгүнкү күндө КТРК 8 телеканалды, өнүктүрүүнү үстүнөн иш алып барууда, анын ичинде 1 радиоканал дагы иштелип чыгарылууда. Төмөндөгү таблицада бардык каналдар боюнча кеңири маалымат берилген:

КТРКнын YouTubeдагы каналдарынын статистикасы

## Статистика каналов КТРК в YouTube

| [illegible] | [illegible] | [illegible] | [illegible] | [illegible] | [illegible] | [illegible] |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | КТРКдг ktrkvideo@gmail.com | 18.10.2012 | 192 119 | 33 487 931 | 22 000 | 234 491 217 |
| 2 | КТРК ОТРК ktrksite@gmail.com | 25.01.2013 | 82 118 | 6 601 483 | 1200 | 43 554 896 |
| 3 | КТРК СПОРТ tv.ktrksport@gmail.com | 27.01.2016 | 59 000 | 7 228 967 | 800 | 18 944 816 |
| 4 | Телеканал МУЗЫКА КТРК muzyka.ktrk@gmail.com | 07.01.2014 | 128 116 | 45 244 722 | 2 816 | 174 127 398 |
| 5 | [illegible] [illegible]@gmail.com | 31.01.2016 | 46 000 | 3 709 677 | 3 000 | 17 907 981 |
| 6 | КТРК РАДИО [illegible]@gmail.com | 22/01/2016 | 1 574 | 31 449 | 229 | 117 387 |
| 7 | Маданият Тарых Тил КТРК ktrkmadaniat@gmail.com | 17.07.2018 | 2 402 | 133 526 | 264 | 2 028 941 |
| 8 | Телеканал БАЛАСТАН Telekanal.balastan@gmail.com | 19.03.2018 | 20 241 | 3 574 749 | 114 | 10 866 413 |

**КТРКнын мобилдик тиркемелери боюнча маалыматтар**

КТРКнын телеканалдарынын продукциясына болгон кызыгуунун жогорулоосуна байланыштуу, ушул жылы дагы эки мобилдик тиркемени иштеп чыгуу чечим кабыл алынган. Жана ошентип, КТРКнын мобилдик түркүмдөрү эки тиркемеге толукталган, алардын бири – КТРК СПОРТ. Аталган мобилдик тиркеме өлкөнүн жана дүйнөнүн бардык спорттук жаңылыктарын билип турууга, онлайн режимде теле каналдын тике алып көрсөтүүлөрүн жана сүйүктүү берүүлөрүн көрүүгө мүмкүндүк берет.






Эми жарнаманы жүгүртүү сабына жөнөтүү, өз туугандарын жана жакындарын КТРКнын каналындагы «Арноо концерти» программасында куттуктоо, ошондой эле баннер жарнамасын сайтка жайгаштыруу – жеңид жана жеткиликтүү болуп калды. Тиркемеден улам, колдонуучулар убакытысын үнөмдөй алышат жана куттуктоого билдирмени үйүнөн чыкпай туруп жөнөтө алышат. Ошондой эле эгерде мурун жарнама берүүчүгө, өз жарнамасын КТРКнын жүгүртмө сабында жайгаштыруу үчүн Корпорацияга келүүгө жана текстти жана акы төлөөнү колу менен берүү зарыл болсо, эми бул жол-жобо бир топ жеңилдеп калды. Ошондой эле, аталган тиркеме КТРКнын расмий сайтындагы баннер жарнамасын тариздетүүгө дагы мүмкүндүк берет.

Жыйынтыгында, бүгүнкү күндө КТРКнын төрт активдүү иштеп жаткан мобилдик тиркемеси бар: КТРК, Ала-Тоо 24, КТРК Спорт, КТРК: жарнама жана куттуктоолор.

## *2.4. Радиоуктуруу бөлүгүндө*

Төмөндө КТРКнын 2018-жылдагы радиоканалдарынын уктуруулар көлөмү боюнча таблица келтирилген. Жалпы көлөмүндө КТРКнын радиоуктуруулары орточо суткасына 66 саатты жана жумасына 480 саатты "Балдар FM" жана "Достук радиосу" радиоканалдарынын уктуруулар көлөмү менен жүргүзгөн.

*3-таблица. КТРКнын радиоканалдарынын берүүлөр көлөмү*

| | | |
|---|---|---|
| **“Биринчи радио” суткасына 18 саат** | **“Кыргызрадиосу” суткасына 24 саат** | **“Мин Кыял ФМ” суткасына 24 саат** |
| **“БалдарFM” жумасына 5,5 саат** | **“Достукрадиосу” жумасына 12саат** | |

Ошондой эле отчеттук жылда аймактарды өнүктүрүү жылына, улуу жазуучу Ч.Айтматовдун 90 жылдык мааракесин майрамдоого арналган радиопрограммалар жана угуучулар аудиториясынын талаптарына жооп бере турган ар түрдүү жанрдагы программалар ишке ашырылышкан.

2018-жылы 15-январдан тартып "Кыргыз радиосунун" эфиринде “Эргиме” долбоору чыга баштаган. Долбоордун максаты: биздин аткаруучулардын ырдоочулук искусствосунун өнүгүүсүнө түртку берүү, анткени, ырды «жандуу» ырдоо ар бир эле радиостанцияда техникалык маалыматтары боюнча мүмкүн эмес. Классикалык жанрды, эстраданы аткаруучулар, этно жана фолк ырчылар жана аспапчылар репертуарларын жаңы ырлар менен толукташууда жана эбактан унутулуп калган чыгармалардын үстүндө иштеп жатышат. Долбоордун коноктору болуп биздин досторубуз – чыгармачыл инсандар эсептелди, алардын саны 300дөн ашты. “Эргиме” долбоору онлайн режимде Facebook жана Instagram колдонуучулары үчүн тике видеотартап берүү менен жеткиликтүү болду. Угуучулар түз эфирде добуг бере алышты, мыктыларга артыкчылык берүү менен. Программа эфирге дүйшөмбүдөн тартып жумага чейин 18.00 сааттан 19.00 саатка чейин чыгып турда. Долбоордун автору: Рита Тилемишова.

2018-жылдын 27-декабрында “Эргиме” долбоорунун жыйынтыгы “Кыргыз радиосунун” жаңы жылдык майрамдык эфиринде чыгарылды. Жеңүүчүлөр Кубоктор жана «Ардактуу Дипломдор» менен сыйланышты.



Популярдуу радиоберүүлөрдүн бири болуп "Миң Кыял FM" радиосундагы "Хайп-шоу" долбюоору эсептелди. Динамикалуу, позитивдүү, кызыкитуу жана пайдалуу шоу иш күндөрү саат 17:00дөн тартып 19:00гө чейин чыгат. Күн сайын кечинде шоу-бизнестин жылдыздары жана эксперттер чакырылып, алар менен алып баруучулар жеңил, эркин формада эң кызыктуу темаларды талкуулашат. Чакырылган атактуу инсандар өз чыгармачылыг ишиндеги жаңы окуялар тууралуу айтышат, айрым учурларда жеке купуя сырларын дагы ачышат. Ошондой эле программада алып баруучулар угуучулар үчүн ар түрдү баалуу байгелерди дагы ойнотушат.




Өтүп кеткен жылы Корпорациянын радио үй-бүлөмү дагы масштабдуу иш-чаралардан четте калган жок. Улуу элдик жазуучу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгынын урматына радиоберүүлөр даярдалып жана уктурулган. Алсак "Кыргыз радиосу" радиосунда жалпы көлөмдө Ч. Айтматовдун 90 жылдыгынын урматына эфирдин 1390 сааты жумшалган эле. Алардын ичинен 300 сааты Ч. Айтматовдун адабий чыгармаларына, анын ичинде өздүк окуусунда дагы арналган: «Саманчынын жолу», «Ак кеме», «Кылым карытаар бир күн», «Кыямат», «Кош, Гүлсары», «Бетме бет», «Эрте келген турналар», Фудзиямадагы кадыр түн» сыяктуу романдары жана пьесалары.

Музыкалык берүүлөр болсо 110 саатты түзгөн..

Төмөндө улуу эл жазуучусу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгынын урматына арналган радиоберүүлөрдүн тизмеги берилет.

*Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган адистештирилгнен радиоуктурууларлардын тизмеги*

| № | Программалардын аталышы | Чыгуулардын жалпы саны | 1 чыгарылыштын хронометражы |
|---|---|---|---|
| **"Балдар FM"** | | | |
| 1. | “Эрте келген турналар” | 1-бөлүк | 20 мүн |
| 2. | “Эрте келген турналар” | 2-бөлүк | 20 мүн |
| 3. | “Жамила” | | 20 мүн. |
| 4. | “Ак кеме” үзүндү | | 20 мүн |
| 5. | “Атадан калган туяк” | | 20 мүн |
| 6. | “ Бетме – бет” | 1-бөлүк | |
| 7. | “ Бетме – бет” | 2 -бөлүк | |
| 8. | “Биринчи мугалим” | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9. | “ Ботогөз булак” | | |
| 10. | “ Гүлсарат” | 1-2-3-4 - бөлүктөрү | |
| 11. | “ Саманчынын жолу” | 1-2 -бөлүгү | |
| 12. | Интеллектуалдык берүү «Акыл таймаш». “Тапкан тапалак” рубрикасы | 30 | 5 мүн |
| 13. | Интеллектуальная передача “Президент сүйлөйт” | 23 | 7 мүн |
| 14. | “Бешиктеги баланын бек болорун ким билет” | 5 | 5 мүн |
| **Радио "Достук"** | | | |
| 1. | «Адабий дүйнө» | 10 | 25 мүн |
| 2. | “Эфирдеги экөө” | 1 | 54 мүн |
| 3. | “Саякат” | 1 | 14 мүн |
| 4. | “Дил азыгы” | 8 | 17 мүн |
| 5. | “Алтын бешик” | 1 | 15 мүн |
| 6. | “Слово” | 2 | 18 мүн |
| 7. | “Эл ынтымагы ыйык” | 6 | 15 мүн |
| 8. | “Биз кыргызча сүйлөйбүз” | 2 | 30 мүн |
| 9. | “Ырдайлы достор ырдайлы” | 3 | 48 мүн |
| 10. | “Мен Манастын уулумун” | 55 | 15 мүн |
| 11. | “Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун” | 1 | 17 мүн |

# 3. АДМИНИСТРАТИВДИК ЖАНА ЧАРБАЧЫЛЫК ИШ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

## *3.1. Өндүрүштүк шарттарды түзүү. Өндүрүштүк имараттарды оңдоо.*

Отчеттук 2018-жылы Корпорациянын кызматкерлерин иштин тиешелүү стандарттары, сапаттуу контентти өндүрүү үчүн жумуш шарттары менен камсыздоо боюнча милдеттерди ишке ашыруу улантылган. 2018-жыл эсеп боюнча, релеванттуулугу боюнча эң маанилүү, бирок ошол эле маалда аярлуу жана эскирген өндүрүш участоктору аныкталып жаткан жана КТРКнын инфраструктурасынын капиталдык реконструкциясы жүргүзүлгөн төртүнчү жыл. Ошентип, отчеттук мезгилде Корпорациянын АСК блогунун фойесин реконструкциялоо жана колдонууга берүү иштери жүргүзүлүшкөн.







**АСКдагы фойени капиталдык оңдоонун жалпы аянты 550 ква. М түзүп турат. Жүргүзүлгөн иштердин баасы 1 975 067 сомду түзгөн.**

Өткөн жылда Корпорациянын ички жана тышкытүрлөрүн жакшыртуу боюнча иштер улантылган. Алсак, АСКнын телеберүү блогунун башкы кире бериши реконструкцияланган. Брусчатка алмашылып, кире бериш аянты улуттук колоритте жасалгаланган. 2 LED экран илинген. Алардын биринде дайыма "КТРК Музыка" телеканалы алынып берилет, экинчисинде болсо кулактандырууларды, билдирүүлөрдү

жана алдыда өтө турган тартуулар тууралуу маалыматты чыгаруу мүмкүндүгү бар, мында каалаган көрүүчү, алдын ала аккредитациялоодон өтүп, тигил же бул програманын тартуу процесстерине катыша алат.

**Жалпы аянты 1270 чарчы м. Болгон фасадды оңдоо 445 миң сомду түзгөн.**







КТРКнын көпчүлүк кызматкерлеринде баштапкы класстардын окуучу балдары бар, алар жумуш орундарында ата-энелери менен чогуу убакыт өткөргөн учурлары болот. Кызматкерлердин балдарына шарттарды түзүү жана дени сак жашоо образын сактоо максатында балдардын ойноочу аянтчасы орнотулган. Ошондой эле ушул аянтча түшкү тыныгуу учурундагы баарлашуулар жана чер жазуулар үчүн дагы мыкты мейкиндик болуп саналат.








Ошону менен бирге, жумуш зоаналарын оптималдаштыруу үчүн, OpenSpace стилинде тунуктук принциби боюнча кабинеттер реконструкцияланышкан жана айнек кабинеттерге алмаштырылышкан.








Ошондой эле Радио үйүнүн 1-2-3-кабаттары данөгы оңдолуп чыккан. "Биринчи радионун" эфирдик студиялары жаңыртылышкан.




Ушул тапта КТРКнын кызматкерлерине эс алуу зонасын түзүү боюнча оңдоо иштери жүргүзүлүүдө. Эс алуу зонасы өздүк кинотеатрды, окуу залын жаан уктоо үчүн зоаны камтымакчы. Зал универсалдуу болмокчу. Бардык Корпорациянын кызматкерлери тарабынан түзүлгөн жаңы берүүлөр, көркөм жана документалдык тасмалар бет ачары өткөрүлүп, ыңгайлуу залда коомдук кароолор жана талкуулар уюштурулмакчы.

Белгилеп кетүү керек, КТРК мамлекеттик мекемелердин арасынан алгачкылардан болуп өз кызматкерлери үчүн эс алуу зонасын түзүүгө киришти. Эс алуу зонасын эки айдын ичинде аяктоо пландаштырылууда.




## 4. КАДРЛАР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

### *4.1. Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча ишмердик тууралуу маалымат*

Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын адам ресурстары мене ниш алып баруусу отчеттук жылда КТРКнын төмөнкү штаттык тизиминин өзгөрүүлөрүндө чагылдырылган.

2018-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча Корпорациянын кызматкерлеринин саны 855 адамды түзөт, буга штаттык кызматкерлер, адистер, эмгек келишими боюнча жана кызматтарды көрсөтүү жөнүндө келишим боюнча ишке тартылгандар киришет.



*2017-жылга салыштырмалуу 2018-жылдакызматкерлердин жалпы саны өскөн эмес, андан тышкары, 0,5 ставка ээлеген кызматкерлер саны кыскарган. Отчеттук жылда толук эмес штаттык бирдиктерди (0,5 ст.) комплектациялоо боюнча иш улантылган жана 2018-жылдын акырына карата, 0,5 ставка ээлеген кызматкерлер саны 1 адамга кыскарган. Бул, кызматкерлер бошонгон учурлардагы алардын орундары толук бирдиктерге өзгөртүп түзүлүшүнө байланыштуу жана 0,5 ставканы ээлеген кызматкерлер, тиешелүү эмгекке төлөө акысы менен толук штаттык бирдиктерге которулушкан.*

*Орто жаш курагы 44 жашка көтөрүлгөн, ал эми штаттык кызматкерлердин орто стажы 11 жыл. Бул, отчеттук мезгилде бошотуулардын болбогондугуна байланыштуу, бала багуу боюнча өргүүдө болгон кызматкерлердин ордундагы позицияны ээлеген кызматкерлерден башка. Ал эми, жогорку билимге ээ кызматкерлер саны, 1% кыскарган, булш, декреттеги кызматкерлердин өргүүсү мезгилинде штаттык кызматтарды ээлеген, бошотулган кызматкерлердин жогорку билими бар болгондугуна байланыштуу болгон.*

- ✓ 2018-жылы эмгек жана аткаруучу тартипти бузгандыгы үчүн эскертүүлөр, сөгүштөр түрүндөгү жазалоолор жана кварталдык сый акыларынын аджыратуулар 46 кыщзматкерге карата колдонулган.
- ✓ 2018-жылы 36 адам иштен бошотулуп, 31 адам ишке кабыл алынышкан.
- ✓ 2018-жыл ичинде КТРКнын өлкөнүн чегинен тышкары 65 кызматтык сапар тартуусу жана Кыргыз Республикасынын аймагындагы 128 сапар тартуусу болгон.

**Персоналды мотивациялоо**

Кызматкерлерди мотивациялоо максаттарында 2018-жыл ичинде кесиптик кошуу комитетинин күч-аракетери менен 8-Марттын – Эл аралык аялдар күнүн, 21-марттын – Нооруздун урматына майрамдык иш-чаралар жана Корпорациянын кызматкерлеринин балдары үчүн жаңы жылдык салтанаттар өткөрүлүшкөн. Мусулман майрамдары Орозо айт жана Курман айт күндөрү ушул майрамдарга арналган иш-чаралар жүргүзүлүшкөн.

Эки тараптуу макулдашууларга ылайык, жай мезгилинде Корпорациянын 92 кызматкери 3 күндөн “Көгүлтүр Ысык-Көл”, “Кыргызстан”, “Корпункт” пансионаттарында, Ысык-Көл областынын «жети-Өгүз» курортунда, Чүй областынын «Ысык-Ата» курортунда, Жалал-Абад областынын «Жалал-Абад» курортунда эс алуу мүмкүндүгүнө ээ болушкан.

Кыргызстандын Эгемендүүлүк күнүнө карата жана Кыргы телеберүүсүнүн 60 жылдыгын майрамдоонун урматына Корпорациянын төмөнкү кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамоталары менен сыйланышкан:

- *Касымов Алмазбек – “Маалымат” ЧӨТ баяндамачысы;*

- *ТоксобаевСүйүндүк – “КТРК Спорт” телеканалынын шеф-редактору;*

*- Севастьянова Ольга –“Ала-Тоо 24” телеканалынын шеф-редактору;;*

*- Бокошева Миргул – “Ала-Тоо 24” телеканалынын баяндамачысы;*

*- Жунусова Каныкей –“Ала-Тоо 24” телеканалынын жооптуу чыгаруучусу;;*

*- Молдоева Гульшан – “Маданият-Тарых-Тил” телеканалынын алып баруучусу;*

*- Мамытов Бактыбек – “Маданият-Тарых-Тил” телеканалынын алып баруучусу;*

*- Мамекова Диана – “Ала-Тоо 24” телеканалынын баяндамачысы;*

*- Кылычбеков Бекбол – “КТРК Спорт” телеканалынын баяндамачысы.*

Ошондой эле Кыргыз телеберүүсүнүн 60 жылдык урматына жана 2018-жылдын иш жыйынтыктары боюнча төмөнкү **наамдар** ыйгарылышкан:

*- “Жылдын мыкты кызматкери” КТРКнын, РРТБнын жана КТФнын 44 кызматкерине (мындан ары – Корпорациянын кызматкерлери).*

*- “ КТРКнын отличниги” Корпорациянын 20 кызматкерине;*

**сыйлангандар:**

*- Юбилейлик медалдар менен 53 кызматкер жана төш белгилер менен Корпорациянын 300 кызматкери.*

**Андан тышкары,**

*- Батаканова Бурулуш Топчиевна – РРТБнын башкы инженери – “Данк медалы менен сыйланды”;*

*- Мамытов Бактыбек Камчыбекович – “Маданият-Тарых-Тил” телеканалынын диктору – КР Элдик артисти наамын алды;*

*- Жаманбаева Канымжан Кенешовна – “Маданият-Тарых-Тил” телеканалынын редактору – КР ЭМгек сиңирген артисти наамын алды;*

*- Фазылов Азнаур Азизович – РРТБнын сервистик борборунун начальниги – КР Байланыштын Эмгек киңирген кызматкери наамын алды;*

*- Кольбаев Усен Асанбекович – “Ала-Тоо 24” телеканалыны баяндамачысы – КР Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган;*

*- Мусаева Назгул Бейшекеевна – “Маданият-Тарых-Тил” телеканалынын жогорку категориядагы режиссеру – КР Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган;*

*- Торобеков Нурдин Кулпубекович – үн режиссерлорунун чыгармачыл секциясынын башкы үн режиссеру - КР Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган.*

## *4.2. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, окуу курстарын уюштуруу*

Кесипкөйлүк, жыйынтыкка багытталгандык жана натыйжалуу командалык иш – Корпорациянын алдына коюлган максаттарга жетишүүсүнүн маанилүү түзүүчүлөрү. Ошондуктан Корпорацияда персоналды окутуу жана өнүктүрүү тармагында туруктуу системалуу иш жүргүзүлүп келет.

*Отчетко Корпорациянын кызматкерлери үчүн өткөрүлгөн тренингдер боюнча маалыматтар кошо тиркелишет.*

**Корпоративдик маданият**

2018-жылы Корпорацияда корпоративдик маданиятты жана ички коммуникацияларды өнүктүрүү тармагындагы өнүгүү улантылды: кызматкерлердин Корпорацяинын топ-менеджерлери менен жолугушуулар өтүп турда, студиялардын жана бөлүмдөрдүн кызматкерлери менен бир катар тааныштыруу жыйындары, студиялардын/бөлүмдөрдүн кызматкерлеринин керектөөлөрүн аныктоо максаттарында өттү. Башкы директордун өлкөнүн ар түрдүү университеттеринин студенттери менен тааныштыруу жолугушуулары өттү, аларда Корпорациянын жана бүтүндөй массалык маалымдоо каражаттарынын өнүгүү маселелери талкууланды.









КТРКнын «Окуу борбору» тарабынан жүргүзүлгөн отчеттук мезгилдеги окутуу иш-чараларынын жалпы саны 14 курсту түзгөн, аларга 519 адам катышышкан

*Корпорациянын кызматкерлери үчүн өткөрүлгөн тренингдер боюнча маалыматтар.*

| Айы | Күндөрү | Аталышы | Донору | Катышуучулар | | Сааттардын жалпы саны | Тренерлер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Кызмат кер. | Тышкы | | |
| **Январь** | 23-25 | "Навыки фактчекинга" | "Центр медиа развития" Кбсы Albany Associates International и IREXE urope менен кызматташтыкта | **22** | | 22 | Кристиан Триберт (Нидерланддар), Таша Солокова (Россия), Павел Банников (Казакстан), Бегайым Усенова (Кыргызстан). |
| **Январь-Февраль** | Бүткүл мезгил | Алгачкы медициналык жардамды көрсөтүү эрежелери | Кыргызстандын Кызыл жарым айы | **350** | | | Мадиль Арзымбаев |
| **Февраль -Июнь** | Бүткүл мезгил | Англис тили | "High Time" тил мектеби | **16** | | 16 | Луана Ринальди, Толгонай Асанова. |
| **Февраль** | 20-22 | Коомдук-саясий программалар өндүрүшү | Конрад Аденауэр фонду | **20** | | 20 | Рене Фалькнер |
| **Март** | 27 | SEO мене ниш алып баруу боюнча окутуу | "Светлана Марголис" студиясы | **8** | | 8 | Светлана Марголис |
| **Май** | Бүткүл ай | "Соц.түйүндөрдөгү КТРКнын сайтын | Окуу борбору, рас. сайтты | | | | Аделя Лаишева, |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | мыкты жайылтуу" сынагы | колдоо боюнча топ | | | | Нурзат Ниязова. |
| **Июнь** | 6-7 | "Маалыматтарды текшерүү жана алар мене ниш алып баруу" | КРдагы АКШ Элчилиги | **4** | 11 | 15 | Эрик Барретт |
| **Июнь** | 13-14 | "Чыр-чатактуу-сезимталдык журналистикасы" | SFCG | **17** | | 17 | Санжар Эралиев |
| **Июль** | 4-5 | "Телеберүүдөгү конференцияны жана иш-чараны заманбап жана кесипкөй чагылдыруу" | Конрад Аденауэр фонду | **4** | 6 | 10 | Рене Фалькнер (Германия), Игорь Романовский (Россия). |
| **Сентябрь** | 26 | "Фандрайзингдин негизги концепциялары жана өнөктөштүктү өнүктүрүү" | SFCG | **20** | | 20 | Кенешбек Сайназаров |
| **Октябрь** | 16 | "Өзүңдө генийди ойготкун" | Тренинг жана Коучингдин "Win&Win" борбору | **18** | | 18 | Лилия Утюшева |
| **Октябрь** | 17 | КТРКнын бухгалтерлери үчүн тренинг | | **8** | | 8 | Нургуль Жумабаева |
| **Ноябрь** | 13-17 | Студиялык режиссерлор үчүн тренинг | Deutsche Welle | **7-15** | | **7-15** | Ирене Лангеманн |
| **Декабрь** | 3-7 | "ТБдагы Ток-шоу. Өндүрүүнү заманбап методдору" | Фонд Конрада Аденауэра | **17** | | **17** | Рене Фалькнер |
| | | | | **502** | 17 | **519** | |

# 5. КОРПОРАЦИЯНЫН КЫЗМАТТАШУУСУ

## *5.1. Эл аралык кызматташууну кеңейтүү. Башка ЖМКлар менен кызматташуу.*

Эл аралык кызматташуу Корпорациянын өнүгүүсүндөгү потенциалдуу ресурстардын ичинен бири болуп саналат. 2018-жылы Корпорация эл аралык байланыштарын кеңейтүү боюнча ишин ийгиликтүү уланткан жана КТРКнын эл аралык медия мейкиндигине активдүү кирүүсүнө шарт түзгөн. Эл аралык мейкиндикти кеңейтүүдөгү маанилүү акценттердин бири болуп сапаттуу контентти сатып алуу эсептелет. Кужүрмөн иштин жана ийгиликтүү сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында, бир катар өз ара пайдалуу келген макулдашууларга кол коюлган:

- ✓ **Өзбекстан Республикасынын Улуттук телерадиокомпаниясы менен** телерадиоберүү тармагындагы кызматташуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө Меморандум өлкөнүн социалдык, экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө шарт түзүүгө багытталган программалар, берүүлөр, маалыматтык роликтер менен, ошондой эле ар түрдүү чөйрөлөрдөгү башка продукциялар менен, атап авйтсак: туризм, билим берүү, илим жана спорт маалвыматтарын алмашууну жүзөгө ашыруу боюнча.



- ✓ **“Национальная киностудия “Беларусьфильм” УПсы менен** кызматташуу жөнүндө макулдашуу, анын негизинде КТРК телеканалдарынын эфиринде акысыз негизде көркөм фильмдерди (“Анастасия Слуцкая”, “Следы на воде”, “Волки”) көрсөтүү укугу сатылып алынган.

- ✓ **2018 Олимпиада оюндары Пхенчханда, 2018 Футбол боюнча дүйнө чемпионаты, УЕФА 2017-2018 Европа Лигасы, УЕФА 2017-2018 Чемпиондор Лигасы, 2017-2018 Англис премьер Лигасы, Кубок АФК 2018, Футбол боюнча Италиянын Чемпионаты (А сериясы)** сыяктуу спорттук иш-чараларга карата лицензиялар.

- ✓ **КМШнын катышуучу мамлекеттеринин мамлекеттик жана коомдук телерадиоуюмдарынын жетекчилер кеңешинин** III Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарын өткөрүүнүн алкактарында кезектеги отурум уюштурулган.



- ✓ **55 Тынчокеан Берүүлөр Бирлигинин Генералдык Ассамблеясында** (ABU) КТРК алгачкы жолу Административдик кеңештин мүчөсү болуп шайланган. КТРКнын талапкерлиги KBS (Korean Broadcasting System) Түштүк Корея Коомдук телеканалы тарабынан алынып чыккан жана бир добуштан Административдик кеңештин бардык мүчөлөрү тарабынан колдоого алынган.

## *5.2. Корпорациянын аудитория менен кайтарым байланышын жөнгө салуу боюнча иштеринин жыйынтыктары.*

### *САНЫ*

***2018-жылы иштелип чыккан жана катталган документтер Кызматтык каттар Министрликтерден, уюмдардан, ведомстволордон каттар чыгыш каттар Жеке адамдардан келген каттар КРӨ, КРӨА, ЖК ЖК Комитеттеринин каттары Жыйындардын протоколдору Өндүрүш боюнча буйруктар***




ЖАЛПЫСЫНАН 2018-ЖЫЛЫ 6250 ДДОКУМЕНТ ИШТЕЛИП ЧЫККАН ЖАНА КАТТАЛГАН

## 6. КОРПОРАЦИЯ ТАРАБЫНАН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ПРОДАКШ СТУДИЯЛАРДЫН 2018-ЖЫЛЫ АЛЫНЫП КӨРСӨТҮЛГӨН ПРОГРАММАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

### *6.1. 2018-жыл ичиндеги көз карандысыз продакшн студиялардын программаларынын тизмеси.*

| Катар № | Уюмдун, контрагенттин аталышы | Келишимдин номери | Долбоордун аталышы | Аракетте болуу мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы | 042/18 | "Финсабат" берүүлөрүнүн биргелешкен цикли (40 берүү, хр.10 мүн.) | 13.03.2018-31.01.2019-ж чейин. |
| 2. | "Элим барсынбы" коомдук фонду | 050/18 | «Журоктон журоко» телеберүү долбоорунун биргелешип түзүлүшү | 06.04.18-06.04.2021-жж. |
| 3. | Россия-Кыргыз Өнүгүү Фонду | 051/18 | "РКӨФнин бизнес долбоорлору" телеберүүлөр циклин биргелешип түзүү 18 берүү , хр.3 мүн.) | 12.04.18-31.12.18-жж. |
| 4. | Синьцзян уйгур район. Журналисттик башкармалыгы | 084/18 | «Биринчи радио» жана «Кыргыз Радиосу» маалыматтык радиоберүүлөр (хр.60 мүн.) | 01.10.18-ж. |
| 5. | "ПРО Арт" коомдук фонду | 01/18-Б | "Щелкунчик" балетин коюу | 08.01.18-20.01.18-жж. |
| 6. | "Central Asia Film" ЖЧКсы | 02/18-Б | К\ф "Дарак ыры" (хр.90 мүн.) | 15.02.18-30.01.2019-жж. |
| 7. | Жеке ишкер Эшалиева Г. | 04/18-Б | К\ф "Кечээ, бугун, эртен"(хр.70 мүн.) | 26.02.18-30.11.18-жж. |
| 8. | "Kg Club Prodaction" ЖЧКсы | 05/18-Б | К\ф "Браво 2"(хр.90 мүн.) | 15.02.18-31.12.18-жж. |
| 9. | "Взгяд kg"  ЖЧКсы | 07/18-Б | "Взгляд" телекөрсөтүү берүүсү (хр. 10-15 мүн.) | 12.02.18-31.12.18-жж. |
| 10. | "Асылбашев Креатив" ЖЧКсы | 08/18-Б | "Асман 2-сезон" долбоору (15  берүү , хр.90 мүн.) | 05.03.18-милдеттенмелер аткарылганга чейин |
| 11. | "КР Футбол Лигасы" коомдук фонду | 09/18-Б | Матч Суперкубок (Башкы өнөктөштүк жана эксклюзивдүү көрсөтүү укугу) | 12.03.18-30.04.18-жж. |
